DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2021

***СОЦИОЛОГИЯ***

***СОЦИОЛОГИЯ***

***SOCIOLOGY***

*Турсалиева Г.Ж.*

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ ГЕНДЕРДИК ДИСПРОПОРЦИЯ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Турсалиева Г.Ж.*

## ПРОБЛЕМЫ ГЕНДЕРНОЙ ДИСПРОПОРЦИИ В СИСТЕМЕ ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ КЫРГЫЗСТАНА

*G. Tursalieva*

## PROBLEMS OF GENDER DISPARITY IN THE HIGHER EDUCATION SYSTEM OF KYRGYZSTAN

*УДК: 316.346.32-053.6 (575.2) (043.3)*

*Макалада Кыргызстандагы жогорку билим берүү тутумундагы гендердик аспектилерге басым жасалган. Аталган системада «гендердик кесиптик сегрегация» жана «гендердик диспропорция» сыяктуу багыттар ар кандай гендердик көйгөйлөрдү козгой алат. Макалада аялдар жана эркектер үчүн билим берүүдөгү гендердик диспропорциянын кесепеттери, ошондой эле постсоветтик Кыргызстандагы кесиптик жаатта аялдар менен эркектердин мамилелеринин жаңы түрлөрүн пайда кылган заманбап кайра түзүүлөр жөнүндө сөз болот. Эгемендүүлүктүн ондогон жылдары бою аялдар коомдогу өзгөрүүлөрдүн негизги булагы бойдон кала берүүдө. Алардын эмгек рыногуна жана коомдук турмушка массалык түрдө кириши коомдук түзүмдөрдүн жана мамилелердин өзгөрүшүнүн негизги себеби катары кызмат кылган. Кыргызстандын жогорку билим берүү системасы туш болгон жогорку билим берүү жаатындагы жаңы чакырыктарга жана тобокелдиктерге гендердик анализ жүргүзүлдү.*

***Негизги сөздөр:*** *жогорку билим, бирдей мүмкүнчүлүк, жалпы теңчилик, гендердик сегрегация, гендердик дисбаланс.*

*В статье внимание уделено гендерным аспектам в системе высшего образования Кыргызстана. Такие направления как «гендерная профессиональная сегрегация» и «гендерная диспропорция» смогут затронуть разнообразные гендерные проблемы в названной системе. Исследуются последствия гендерной диспропорции в образовании для женщин и мужчин, а также современные трансформации в постсоветском Кыргызстане, которые порождают новые формы отношений между мужчинами и женщинами в сфере профессии. На протяжении десятилетий суверенности женщины остаются основным источником изменений в обществе. Их массовый выход на рынок труда и в общественную жизнь служили главной причиной преобразования общественных структур и отношений. В центре внимания исследования находятся гендерные аспекты проблем в системе высшего образования, обусловленных изменениями в общественной и частной жизни страны, которые произошли после приобретения суверенности страной. Проведен гендерный анализ новых вызовов и рисков в сфере высшего образования, с которыми сталкивается система высшего образования Кыргызстана.*

***Ключевые слова****: высшее образование, равный доступ, всеобщее равенство, гендерная сегрегация, гендерная диспропорция.*

*The article focuses on gender aspects in the higher education system of Kyrgyzstan. Such areas as» gender occupational segregation «and» gender disparity « will be able to address a variety of gender issues in this system. The article examines the consequences of gender disparity in education for women and men, as well as modern transformations in post-Soviet Kyrgyzstan, which give rise to new forms of relations between men and women in the field of profession. Women have been the main source of change in society over the course of sovereign decades. Their mass entry into the labor market and into public life was the main reason for the transformation of social structures and relations. The study focuses on the gender aspects of the problems caused by the changes in the public and private life of the country that occurred after the acquisition of sovereignty by the country. A gender analysis is undertaken of the new challenges and risks in the field of higher education faced by the higher education system of Kyrgyzstan.*

***Key words:*** *higher education, equal access, universal equality, gender segregation, gender disparity.*

Билим берүү чөйрөсүндө аялдар менен эркектердин теңчилигин ишке ашыруу инсан үчүн бардык укуктардан пайдалануунун, кесипкөйлүктүн жогорулашынын жана коомдун бардык чөйрөлөрүнө толук кандуу катышуу мүмкүнчүлүгүнүн кепилдиги болуп калышы мүмкүн. Бирок, эгер билим берүү системасы гендердик теңсиздиктин айрым элементтеринде негизделсе, анда ал өзү келечекте гендердик теңсиздиктин факторуна айланат.

Жаштардын билимге бирдей жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу, алардын социалдык жана материалдык абалындагы социалдык теңсиздиктин деңгээлин азайтат. Демек, билим тегине, материалдык байлыгына, улутуна, жарандыгына, динине жана жынысына карабастан, бардык адамдардын тең укуктуулугун камсыз кылуучу каражат катары каралышы мүмкүн.

Кыргызстанда жалпы билим алууга болгон теңдик бардык постсоветтик өлкөлөрдөгүдөй эле 1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин жарыяланган. Ал учурда Советтер Союзунун бардык

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



республикаларында ар кандай улуттун өкүлдөрү жана жумушчу-дыйкан тегиндеги адамдар үчүн жогорку билимге жетүүнү жеңилдетүү максатында жумушчу мектептер деп аталган борборлор уюшулуп, жогорку окуу жайларына кабыл алууда ар түрдүү улуттар үчүн квота киргизилген.

Ошол эле учурда, билим берүү системасы идеалдуу болбогонун жана аны өлкөнүн жалпы калкы үчүн бирдей жеткиликтүү деп айтуу мүмкүн эместигин баса белгилеп кетүү керек. Мындан тышкары, жогорку окуу жайларына кабыл алууда расмий эмес же тымызын чектөөлөр болгон, мисалы, аялдарды бир катар кесиптерге окутууга тыюу салган тизме бар болчу.

Бул тизме Советтер Союзунда 1978-жылы пайда болуп, 431 кесиптен турган. Андан кийин ал бир нече жолу оңдолуп, СССР кулагандан кийин, ал СССРдин көптөгөн ченемдик укуктук актылары сыяктуу эле, автоматтык түрдө Борбор Азия мамлекеттерине, анын ичинде Кыргызстанда дагы иштеген.

Өлкөгө базар мамилелери келгенден кийин, калк үчүн жогорку билимдин жалпы жеткиликтүүлүгүнүн абалы начарлай баштаган. Мындай абалдын себеби билимдин бирдей жеткиликтүүлүгүндө факторлордун курамындагы түп-тамырынан бери өзгөрүү болгон.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Билим берүү жөнүндө» мыйзам жана башка Улуттук, мамлекеттик Стратегиялык программалар Кыргыз Республикасынын жарандарынын негизги укугу – билим алууга бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылат.

Азыркы учурда Кыргызстандын 19 жашка чейинки калкы өлкөнүн жалпы калкынын 44% түзөт жана билим берүү Кыргыз Республикасы тарабынан коомдун келечектеги өнүгүүсүн камсыз кылган стратегиялык институт катары каралат, ал эми жогорку деңгээлде бир катар ушул багыттагы долбоордук документтер жана программалар системалуу түрдө кабыл алынып турат.

Алардын ичинен КОР, НССБ, улуттук «Аракет», «Жаңы Муун», «Жеткинчек – билим алууга мүмкүнчүлүк», «Айылдык мектеп» ж.б.у. сыяктууларды белгилеп кетсек болот.

Бирок ошол эле кезде гендердик теңсиздикти Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында эркектер менен аялдардын кесиптик даярдыгын дифференциациялоо жана бөлүү мисалы аркылуу байкаса болот. Буга Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 303-беренеси жана КР Өкмөтүнүн 2000-жылдын 24-мартындагы №158 токтому менен бекитилген аялдарга тыюу салынган кесиптердин тизмеси күбө, ага ылайык, мисалы, аялдар 14 адамдан ашык жүргүнчү ташуучу шаарлар аралык автобустарды, атайын унаалардын айрым түрлөрүн башкара албайт.

2019-жылы Кыргызстандын ЖОЖдоруна кабыл алынган студенттердин саны 164 миң адамды түздү жана ЖОЖдордун студенттеринин арасында аялдардын эркектерге салыштырмалуу өсүшүнө көңүл бөлсөк болот (жылына орто эсеп менен жарым пайызга), ошондой эле жогорку окуу жайларын бүткөндөрдүн арасында кыздар жигиттерге караганда бир аз көбүрөөк – дээрлик 57%. Кырдаалды азырынча критикалык деп айтууга болбойт, анткени 10%дык чектен ашкан жок, эгерде коэффициент 60%дан 40%га чейин жогорулаcа, гендердик тең салмактуулуктун бузулушу ачык байкала баштайт.

Баарына акысыз билим берүү жана билим берүүдөгү гендердик басмырлоону тыюу салуу боюнча милдеттенмелер Кыргызстан мүчө болгон SPECA өлкөлөрүнүн (БУУнун Борбордук Азиянын экономикасы үчүн атайын программасы) бардык улуттук конституциялык жана мыйзам чыгаруу механизмдеринде бекитилген. Бардык өлкөлөрдө Афганистанды кошпогондо, башталгыч мектептин деңгээлинде гендердик паритетке жетишсе да, орто жана жогорку окуу жайларында ар кайсы өлкөлөрдө гендердик теңчиликтин көрсөткүчтөрү бирдей эмес. Мисалы, Кыргызстанда, кыздардын 9-класстан кийин билимин таштап кете берүүсүнө байланыштуу тынчсыздануу жаралган [1, 10-15-бб.].

Кыргызстандын «Пекин + 25» улуттук отчетунда бул тенденция патриархалдык баалуулуктарга байланыштуу, ага ылайык кыз «адегенде тил алчаак кыз, андан кийин тил алчаак аял» болуу керек деп тарбияланары баса белгиленген.Ошондой эле жогорку билим деңгээлинде кесип тандоодо гендердик сегрегация сакталып кала бергени баса белгиленген [2, 20-21-бб.].

Негизи эле студенттердин санында кыздардын жалпы сандык басымдуулук кылганына карабастан, баары бир техникалык адистиктер, курулуш жана балык өстүрүү эркектердин укугу болуп кала бергендиктен, тармактар боюнча гендердик сегрегациянын өсүшү байкалууда.

Азыркы учурда, кыргыз кыздарынын өз кесибин тандоо эркиндигине ээ болгонуна, бизнес жана менеджмент, табигый илимдер жана башка ушул сыяктуу адистиктерди массалык түрдө өздөштүрүп жатышкандыгына карабастан, Кыргызстандагы педагогикалык адистиктер эң «аялдар» аркалаган адистик болуп кала берүүдө. Андан кийин тейлөө, экономика, табигый илимдер жана менеджмент кетет.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Эң көп «эркектер» аркалаган факультеттер агрардык, техникалык, дисциплиналар аралык илимдер жана юридика.

Ошентип, жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө олуттуу диспропорциялар бар. Кыздар айрыкча төмөнкү тармактык адистиктер боюнча лидерлер: билим берүү, тейлөө чөйрөсү, маданият жана искусство, гуманитардык илимдер боюнча.

**ЖОЖнын студенттерин жынысы боюнча бөлүштүрүү (%) 2018-2019-окуу жылдары**

| № | Адистиктер | Эркектер | Кыздар |
|---|---|---|---|
| 1. | Билим берүү | 13,1 | 86,88 |
| 2. | Тейлөө кызматы | 31,3 | 68,73 |
| 3. | Экономика | 39,38 | 60,62 |
| 4. | Башка гуманитардык адистиктер | 41,27 | 60 |
| 5. | Табигый адистиктер | 40,28 | 59,72 |
| 6. | Менеджмент | 43,58 | 56,42 |
| 7. | Саламаттыкты сактоо | 54,7 | 45,3 |
| 8. | Укук таануу | 67,15 | 32,85 |
| 9. | Дисциплиналар аралык илимдер | 74,3 | 25,73 |
| 10. | Техникалык илимдер | 74,3 | 25,66 |
| 11. | Айыл чарба илимдери | 76,2 | 23,8 |

Кыздар педагогикалык, тейлөө чөйрөсүндө, гуманитардык илимдер адистиктериндеги студенттердин көпчүлүгүн, ал эми айыл чарба адистигинин студенттердин төрттөн бирин -23,8% гана жана техникалык багытта кадрларды даярдаган адистиктер боюнча болгону - 25,6% түзөт. Техникалык жана айыл чарба адистиги боюнча эркектер студенттерди көбүрөөк түзөт -76,2% [3, 75-76-бб.].

Мындай гендердик диспропорция аспиранттарды илим тармагы боюнча бөлүштүрүүдө дагы байкалат.

Жалпысынан, орто мектептердин мугалимдеринин арасында аялдар басымдуу көпчүлүктү түзгөнү менен - 77,7%, бирок орто атайын жана жогорку окуу жайларынын мугалимдеринин арасында алардын саны бир аз азыраак - 58,9% жана 47,6% ды түзөт жана жогоруда корсотулгон адистиктер боюнча диспропорция сакталып келет.

Билим берүүдөгү тармактар боюнча гендердик сегрегация кийинчерээк эмгектин салттуу гендердик бөлүштүрүүсүн күчөтүүгө негиз болот.

Учурдагы кырдаалды эске алганда, Кыргызстандын билим берүү системасы Дакар келишиминин алкагында бүткүл дүйнөлүк билим берүү кыймылына кошулгандыгын чоң жетишкендик катарында белгилей кетүү керек.

2002-жылдын Дакар форумунан кийин анын келишимдеринин алкагында, Кыргыз Республикасы 2002-жылдын 30-июлундагы Өкмөттүн No504 токтому менен, баарына билим берүү максаттарына жетүү үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук иш-аракеттер планын бекитип иш алып бара баштаган.

Өкмөт билим берүү стратегиясынын жаңы концепциясын иштеп чыгууну жана андагы артыкчылыкты STEM - билим берүү долбоорлору пландаштырган (Science, technology, engineering, and mathemati - илим, технология, инженерия жана математика).

Ошондой эле, Кыргызстанда аялдарга тыюу салынган «зыяндуу жана (же) коркунучтуу эмгек шарттарына» байланыштуу жумуштардын расмий тизмесин жоюу пландаштырылууда, анткени бул тизме дискриминациялык мүнөзгө ээ. Себеби, жогорку эмгек шарттары татаалдаштырган кесиптерди аркалаган адамдар эң көп маяна алышат, бирок аялдар бул иштерге мыйзамга туура келбесе дагы тартылган учурларда эркектерге караганда аз эмгек акы менен иштеп келген учурлар кездешпейт деп кесе айта албайбыз.

Тыюу салынган кесиптердин тизмесин жоюу аялдарды ушул кесиптерде иштөөгө мажбур кылат дегенди билдирбейт. Бирок, эгерде алар кааласа, мындай жумушта иштөө тандоосу жана мүмкүнчүлүгү болушу керек. Болбосо, бул биологиялык жынысы боюнча басмырлоо болуп өз кезегинде

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кесип тандоодо гендердик диспропорцияга алып келет.

Жыйынтыктап айтканда Кыргызстан дүйнөлүк коомчулук менен биргеликте кыздар жана эркек балдар жогорку билимге бирдей мүмкүнчүлүк алуу үчүн үчүн зарыл шарттарды түзүүгө өз салымын кошууга умтулууда деген тыянак чыгарууга болот.

Жогорку билимге бирдей жетүү жолдорунун бири – бул билим берүүдө гендердик мамилени киргизүү жана кыздар менен эркек балдардын жөндөмдөрүн максималдуу түрдө өздөштүрүү үчүн шарттарды түзүү, эки жыныстын тең укуктарынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн ачуу принциптерине негизделген жүрүм-турумду камсыз кылган менталитетти калыптандыруу.

**Адабияттар:**


1. Национальные доклады государств-участников СПЕКА по обзору «Пекин+25». Гендерное равенство и расширение прав и возможностей женщин в странах СПЕКА (2019);
2. Пекин+25: Национальный обзор Кыргызской Республики по реализации Пекинской декларации и Пекинской платформы действий: прогресс и вызовы.
3. Женщины и мужчины Кыргызской Республики 2018 -2019 [Текст]: Сборник гендерно разделенной статистики. - Бишкек: ЮНФПА, 2020. - 131 с.
4. Ким Л. Изучение гендерных представлений учителей школ Бишкека и Ташкента [Текст] / Л.Ким // Гендерные исследования. Региональная антология исследований из восьми стран СНГ / Под общ. ред. И.Н. Тартаковской. – М.: Вариант, ИСГП, 2006. – С.260-280.
5. Карасаева А.Х. Особенности гендерного разделения у кыргызов [Текст] / А.Х. Карасаева // Проблемы гендерных отношений в Кыргызстане. Сб. статей. КРСУ. – Бишкек, 2004. – С.18-20.
6. Камбарова К.У. Влияние демократизации образования на ценностные ориентации молодежи в условиях суверенного Кыргызстана [Текст]: автореф. дис. …канд. социол. наук: 09.00.01 / К.У. Камбарова. – Бишкек, 2007. – 25 с.
7. Турсалиева Г.Ж. Теоретические истоки изучения феминизма и гендера. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2010. №. 5. С. 147-150.
8. Турсалиева Г.Ж. Историко-социологические подходы изучения молодежи как отдельной социально-демографической группы. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2010. №. 5. С. 138-140.